**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**НАРЫН ШААРДЫК МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МЭРИЯ ГОРОДА НАРЫН**

---

# ТОКТОМ

11-январь №1 Нарын ш.

**Комиссия түзүү**
**жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Аз камсыз болгон жарандарды (үй-бүлөлөрдү) электр энергиясы үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн төмөндөтүү түрүндө колдоо чаралары жөнүндө» 2021-жылдын 6-декабрындагы №546-Жарлыгын аткаруу максатында, **токтом кылам:**

1. Нарын шаарында аз камсыз болгон болгон үй-бүлөлөрдү электр энергиясын пайдалануу боюнча жеңилдиктерге даректүү киргизүү боюнча комиссиянын курамы бекитилсин (тиркеме тиркелет).

2. Комиссия аткарылган иштер боюнча маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратына ар бир квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 15-числосунан кечиктирбестен маалымат берүү жагы тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Нарын шаарынын вице-мэри Н. Жумакадыровага тапшырылсын.

**Мэр** **Ж. Курбанов**

**Нарын шаардык мэриясынын**
**2022-жылдын «__»________**
**№____токтомуна**
**Тиркеме**

**Нарын шаарында аз камсыз болгон болгон үй-бүлөлөрдү электр энергиясын пайдалануу боюнча жеңилдиктерге даректүү киргизүү боюнча комиссиянын курамы**

| | |
|---|---|
| Нарын шаарынын вице-мэри, комиссиянын төрайымы | Н. Жумакадырова |
| Нарын шаардык мэриясынын башкы адиси, комиссиянын катчысы | Асангазы кызы Э. |

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

| | |
|---|---|
| Нарын шаардык Кеңешинин депутаты | А. Акматова |
| Нарын райондор аралык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын начальниги | Ж. Мамбетказиев |
| Нарын шаардык «Таза Нарын» муниципалдык ишканасынын начальниги | А. Суранов |
| «Чыгыш электр» ачык акционердик коомунун Нарын филиалынын Нарын РЭТинин акими | М. Курманалиев |
| Нарын шаардык аксакалдар сотунун мүчөсү (макулдашуу менен) | Э. Абдыкеримов |

**Нарын шаарынын 1-вице-мэр** **М. Джунусов**

**Жөнөтүү барагы**

| № | Мекеменин аталышы | Алган адамдын аты жөнү | Алган күнү | Колу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Нарын райондор аралык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы | | | |
| 2 | Нарын шаардык муниципалдык менчикти башкаруу жана калкка кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасы | | | |
| 3 | «Чыгыш электр» ачык акционердик коомунун Нарын филиалынын Нарын РЭТ | | | |
| 4 | Аксакалдар соту | | | |
| 5 | Нарын шаардык Кеңеши | | | |